**«Белек сертификаты» акциясын өткөрүүнүн эрежелери**

1. **«Белек сертификаты» акциясы** – «Элет-Капитал» микрофинансылык компаниясы ЖАК (мындан ары – Компания) тарабынан Компаниянын жаңы карыз алуучуларынын санын көбөйтүү максатында өткөрүлүүчү маркетингдик иш-чара.

2. **«Элет-Капитал менен биринчи жолу – сертификат алыңыз!» слоганы**

3. **Акциянын уюштуруучусу.** «Элет-Капитал» микрофинансылык компаниясы жабык акционердик коому, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Москва көч., 125 (мындан ары – Компания).

4. **Акциянын катышуучулары.** Акциянын катышуучулары «Элет-Капитал» МФК ЖАКнун мурда Компаниядан кредиттерди албаган, Акциянын учурунда Компаниянын кредиттөө талаптарына ылайык кредиттерди тариздеген жана алган **жаңы кардарлары** гана боло алышат.

5. **Акциянын байгеси** – ушул Эрежелердин 7.1-7.4-п. көрсөтүлгөн шарттарды сактаганда, мыйзамдарга ылайык салыктарды жана башка чегерүүлөрдү эсепке алуусуз «Глобус» жана «Народный» соода түйүндөрүнөн («Умай Групп» ЖЧК) 500 сом суммасындагы товарларга белек сертификаты.

6. **«Белек сертификаты» акциясын өткөрүүнүн мөөнөттөрү – 2023-жылдын 10-августунан 2023-жылдын 10-октябрына чейин.** Сертификаттардын иштөө мөөнөтү **2023-жылдын 30-ноябрына чейин**.

7. **Акцияны өткөрүүнүн шарттары.**
   - **7.1.** Акциянын катышуучусу, мурда Компаниядан кредит албаган **жаңы кардар,** акциянын учурунда Компаниядан кредит алганда, Акцияны өткөрүү учурунда белек сертификатын алууга укуктуу болот.
   - 7.2. Бир кардар алынган кредиттин суммасына жана мөөнөттөрүнө карабай, бир гана белек сертификатын ала алат.
   - 7.3. Кредит Компанияда кабыл алынган жол-жоболор менен талаптарга ылайык 2023-жылдын 10-августунан 2023-жылдын 10-октябрына чейинки мөөнөттө бекитилген жана берилген болуусу кажет.
   - 7.4. Белек сертификаттары кредиттерди бергенде филиалдардын кассаларында же өкүлчүлүктөрдө болсо түздөн-түз коммерциялык банктан кредитти алардын алдында берилет.

8. **Акция боюнча чектөөлөр.**
   - 8.1. МОПту кошпогондо Акцияга Компаниянын кызматчылары катыша алышпайт.
   - 8.2. «Онлайн кредит» өнүмү аркылуу кредиттерди алышкан кардарлар Акцияга катыша алышпайт.

9. **Сертификаттар менен төлөө боюнча эрежелер**
   - 9.1. Белек сертификаты «Глобус» жана «Народный» дүкөндөрүндө гана колдонула алат.
   - 9.2. Белек сертификаты 2023-жылдын 30-ноябры менен кошо мөөнөттө бир жолу колдонууга багытталган.

9.3. Эгерде сатып алуулардын суммасы 500 сом суммасынан аз болгон учурда, артканы нак акча менен берилбейт.
9.4. Сертификаттын ээси (Акциянын катышуучусу) сатып алуу учурунда сертификаттын номиналдык наркынан ашырып жибергенде, артып калган айырманы накталай акча менен төлөөгө милдеттүү.
9.5. Төлөгөндөн кийин, сертификат соода түйүнүнүн кассиринде калат.

## 10. Акциянын Катышуучулары менен Уюштуруучусунун укуктары жана милдеттери

10.1. Акциянын катышуучусу кредиттик келишимде «Карыз алуучунун укуктары» бөлүмүндө көрсөтүлгөн бардык укуктарга жана КРнын мыйзамдарына ылайык финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөөчүсүнүн башка укуктарына ээ болот.
10.2. Катышуучу, кредитти алуудан баш тартуу укугуна ээ болот, мында ага белек сертификаты берилбейт.
10.3. Эгерде ушул «Белек сертификаты» акциясынын талаптары менен шарттарына ылайык келсе, сертификат алууга укуктуу болот.
10.4. Кредит алуунун шарттары боюнча катышуучу өзү жөнүндөгү бардык зарыл маалыматты, анын ичинде жекече мүнөздөгү маалыматты дагы берүүгө милдеттүү.
10.5. Кредит алган учурда акциянын катышуучусу кредиттик келишимдин шарттарына ылайык кредитти жана эсептелген пайыздарды төлөп кутулууга милдеттүү.
10.6. Акциянын уюштуруучусу эгерде Катышуучу кредиттөөнүн шарттарына ылайык келбесе, анын ичинде Катышуучунун кредиттик тарыхынын негизинде дагы, Катышуучуга кредит берүүдөн баш тартууга укуктуу болот. Кредит берүүдөн баш тартуу, белек сертификатын берүүдөн баш тартууга алып келет.
10.7. Кредиттөө үчүн ресурстар чектелген учурда, Уюштуруучу ресурстар келип түшкөнгө чейин кредиттерди берүүнү токтотууга укуктуу болот, мында акциянын мөөнөтү 2023-жылдын 10-октябрына чейин өзгөрбөйт.
10.8. Кредит берүү, сертификатты алуу үчүн өзгөчө шарт болуп калат. Эгерде кредит берүү ар кандай негиздер боюнча, анын ичинде кардардан же Уюштуруучудан көз карандысыз, болбой калса – сертификат берилбейт.
10.9. Ушул акциянын бардык шарттарына ылайык келген учурда Уюштуруучу Катышуучуга белек сертификатын берүүгө милдеттенет.

## 11. Кошумча шарттар

11.1. Жалпысынан бүткүл акцияга же анын каалаган бөлүгүнө жана/же ушул Эрежелерге тийиштүү кандайдыр бир каталар, туура эмес түшүнүүлөр, түшүндүрүүлөр же ар кандай башка талаштуу кырдаалдар аныкталган учурда, акцияны Уюштуруучунун Башкармалыгынын чечимдери акыркы чекит коюучу болуп саналат жана даттанууга жатпайт.
11.2. Табият кырсыктары (жер титирөө, суу ташкын, өрт жана башка жаратылыш алааматтары), эпидемиялар, өзгөчө кырдаал киргизүү, массалык башаламандыктар ж.б.у.с. өңдүү жеңе алгыс күчкө ээ жагдайлар (форс-мажор) болуп калган учурда, акциянын Уюштуруучусу ушул акциянын иш-аракетин токтотууга укуктуу болот.